КЫГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

«Класстагы жагымдуу климат – негизги түрткү берүүчү фактор»

Аземова А.А. – ***Инклюзивдик билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси***

Кыргыз Республикасынын ар бир мектебинин алдында турган негизги милдеттеринин бири окуучулардын таанып билүү мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу болуп саналат. Ал эми инклюзивдик билим берүү - бардык балдарга өзгөчө актуалдуу. Башталгыч мектепте ар бир инсандын таанып-билүү жөндөмүнүн пайдубалы түптөлүп, эрктүүлүгү жана аң сезимдүүлүгү калыптанат. Бирок, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн бул маселе кандай чечилет деген суроо туулат.

Инклюзия мүмкүнчүлүгү чектелген же атайын билим алуу муктаждыгы бар адамдар жөнүндө гана эмес. Инклюзия катардагы бала бакчаларда, мектептерде, же университеттерде чогуу окуган бардык балдарга тиешелүү.

Инклюзивдик билим берүүнүн максаты – бардыгына билим алуу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берүү, тагыраак айтканда ДМЧ окуучуларды системага ыңгайлаштыруу эмес, тескеринче билим берүү системасы ДМЧ окуучу балдарга карата ылайыкташуу керек.

Биз ар башкабыз, бирок окшошпуз

- Бала кандай болсо да, биринчи кезекте кайталангыс инсан жана, өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө карабастан, ал башка балдар менен бирдей укуктарга ээ.

Ар түрдүүлүк норма экенин түшүнүү балдарда гана эмес, алардын ата-энелеринде да калыптанышы керек. Муну кантип ишке ашырса болот? Максаттуу иш процессинде өзгөчө билим берүү процессинде ДМЧ балдарга карата коомдук мамилелерди жана ой жүгүртүү ыкмаларын өзгөртүүдөн баштоо керек. Ата-энелер баланын классташынын өзгөчөлүктөрүн түшүнбөсө, бул көптөгөн суроолорду жаратышы мүмкүн.

Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучунун келиши менен мугалимде көптөгөн суроолор пайда болот:

- бардык балдар көңүлдөнүп окуй турган, достукту бекем туткан балдар командасын кантип түзүү керек?
- ДМЧ балага мектеп шарттарына ийгиликтүү көнүүгө кантип жардам берсе болот?
- балдардын ар бирине жеткиликтүү көңүл буруп, окуу процессин кантип уюштуруу керек?

- Өзгөчө баланы инклюзивдик мектепте окууга адаптациялоо бир гана мугалимдин эмес, баланын ата-энесинин милдеттүү катышуусу менен бүтүндөй адистердин камкордугу да өтө маанилүү.

Бүткүл класс менен даярдануу

Окуу жылы башталганга чейин адистер класс жетекчи, мугалимдер жана класстын окуучулары менен баарлашат. Окутууда бири-бирине болгон сабырдуулукту, боорукердикти өнүктүрүүгө, мындай балдарга жардам, колдоо көрсөтүүгө басым жасалат. Балдар коллективинде достук атмосферасын, ар бир окуучуга психологиялык жактан ыңгайлуу шарт түзүү, өзгөчө окуучуга карата оң мамилени калыптандыруу маанилүү.

Бардык окуучулар дайыма көзөмөл астында болушу керек, анткени бардык балдар ар түрдүү. Мектепте ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү бала мугалимдердин жана медициналык кызматкерлердин көңүл бурушу мүмкүн. Мындай бала менен тыныгууда, сабактан кийин баарлаша турган, ойноп, үй тапшырмаларына жардам берген башка балдарды тартуу зарыл.

Ата-энелер үчүн инклюзивдик билим берүү же жаңы окуучунун ден соолугунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө чогуу тасмаларды көргөндөн кийин тренингдерди өткөрүп, талкуулай аласыз. Ата-энелер менен болгон мындай тарбиялык иштердин негизги милдети – алардын компетенттүүлүгүн жогорулатуу, инклюзивдик билим берүү жөнүндө маалымат берүү жана түшүнүгүн кеңейтүү.

Дээрлик ар бир мектепте шылдың жана ачык рэкетчиликтин объектисине айланган окуучулар бар. Мектеп рэкетчилиги жаңы көрүнүш эмес: коркутуу жана басынтуу көп учурда бир нече жылга созулат. Эң негизгиси, көйгөй дээрлик ар бир адам тобокелге кабылышы мүмкүн, бирок бул топтогу мүмкүнчүлүгү чектелген балдар биринчи орунда турат.

- Буллинг деген англис тилинен алынган сөз, ал эми бизге түшүнүктүү жана жакыныраагы **бейбаштык** (кодулоо, коркутуу, шылдыңдоо). Бирок бул сөздөрдү бириктирген нерсе - бул **коркуу, түшүнбөстүк, жалгыздык, четке кагуу.**

- Буллинг — бул кимдир бирөөнүн үстүнөн үстөмдүк кылуу үчүн аны коркутуучу, капаландыруучу, депрессияга кабыл кылдыруучу сөздөрдү сүйлөөсү же иш аракеттерди жасоосу. Бул көбүнчө кайталанган жакшы эмес, агрессивдүү жүрүм-турум. Ага жаман лакаптар менен атоо, кемсинтүү, шылдыңдоо, жаман сөздөрдү айтуу жана жазуу, башкаларды кошпоо же көңүл бурбоо, коркутуу, мүлккө зыян келтирүү, физикалык зомбулук көрсөтүү жана башкаларды каалабаган нерселерди жасоого мажбурлоо кирет.

Коркутуу ар кандай формада болушу мүмкүн: физикалык, психологиялык, оозеки...

Класстагы ар бир бала рэкетчиликтин курмандыгы болуп калышы мүмкүн, ал эми ДМЧ бала эки эсе азап тартышы мүмкүн. Эмне үчүн бул көйгөй билим берүү тармагында жана көбүнчө мектепте пайда болот?

- Эгерде билим берүү процессинин бардык катышуучулары алардын классында мүмкүнчүлүгү чектелген баланын пайда болушуна даярдыгы жок болсо, албетте, инклюзивдик класстарда мындай жагымсыз факторлордун коркунучу жогорулайт. Мүмкүнчүлүгү чектелген жаңы окуучунун психологиялык өзгөчөлүктөрү тууралуу маалыматтын жоктугунан ата-энелер даяр эмес болушу мүмкүн. Ал эми мугалимдер өз кезегинде психологиялык жана профессионалдык жактан даяр эмес жана эң негизгиси класстагы психологиялык процесстерге сезимталдыкты жоготуп, буллинг учурун өткөрүп жибериши мүмкүн.

- Анан, албетте, ДМЧ балдарды кабыл алууга коомдун психологиялык жактан даяр эместигин (мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын өзгөчөлүгү жөнүндө маалымдуулуктун төмөн деңгээли, коркуу, терс социалдык мамилелер, толеранттуулуктун жоктугу) жокко чыгарууга болбойт.

- Буллингди азайтуу үчүн эмне кылуу керек? Албетте, иш бир гана командада (администрация, мугалимдер, психологдор, ата-энелер, окуучулар жана жалпы эле мектеп жамааты) болушу керек. Иш системалуу, комплекстүү жана эң негизгиси алдын алууга багытталган.

- Балдардын агрессиясын конструктивдүү башкаруу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча комплекстүү коррекциялык программаны ишке ашыруу буллингди жеңүү боюнча социалдык-педагогикалык иштин негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Ал эми иш агрессивдүүлүктөн арылууга эмес, анын көрүнүшүнө алып келген себептерди жоюуга багытталышы керек. Ошондой эле ата-энелер менен иш алып барууда, алар менен буллингдин себептерин талкуулоо жана аны жок кылуу боюнча чараларды көрүү зарыл.

Класста ишенимди шыктандырган коопсуз эмоционалдык чөйрөнү түзүү зарыл. Өзгөчө окуу процессинде ДМЧ окуучулар көбүнчө окуган классында коллективден четке кагылышына, жада калса кастыкка да дуушар болушат. Натыйжада, көпчүлүк ДМЧ балдарда айлана-чөйрөсүнө, өзүнө ишенбестик сезимдери пайда болот.

Мугалимдер мындай окуучулардын өзүн төмөн баалоо, депрессия, тынчсыздануу жана коркуу, ачуулануу ж.б. коркунучу бар экенин түшүнүшү керек. Мунун баары өз кезегинде окуу көрсөткүчүнө терс таасирин тийгизет.

Балдарга, эгер сен күчтүү болсоң, ден соолугуң чың болсо, анда башкаларга жардам берүү менен өзүңдү көрсөтө аласың, деп жеткирүү зарыл.

Төмөнкү шарттарда бул катаал чөйрөнү оң жака буруу үчүн:

- окуучулардын эмоцияларын жана алардын окууга болгон мотивациясына кандай таасир тийгизерин түшүнүү;
- оң эмоцияларды күчөтүүчү жана терс эмоцияларды басаңдатуучу чөйрөнү түзүү;

-туруктуулук; коопсуздук; жылуулук; колдоо; ишенимдүүлүк; адилеттүүлүк жана бейпилдик берген чөйрөнү түзүү;

-бардык окуучуларга алардын бүткүл класска керек экендигин, окуудагы мүмкүн болгон кыйынчылыктарга карабастан, алар кандай болсо, ошондой эле жеке инсан катары толук кабыл алынгандыгын дайыма түшүндүрүп туруу.

-окуучуларга колдоо көрсөтүү, аларга муктаж экенин жана аларды күтүп жатканын билсин: "мугалим мени мектепте күтүп жатат", "мен оорубашым керек, ооруп калсам мектепке бара албайм калам»;

-ар бир окуучуга класста маанилүү роль берүү жана “окуучулардын коомчулугун” түзүү;

-стресстен арылуу жана окууну жагымдуураак кылуу үчүн ылайыктуу кырдаалдарда юморду колдонуңуз.

Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды мектепте окутуу бир топ кыйын. Ушуну эске алуу менен окуу процесси кандай эрежелерге ылайык өтүшү керек экенин так билүү зарыл. Бул окуу процессин туура курууга жана натыйжасын көрүүгө мүмкүндүк берет. Бүгүнкү күндө терминологиянын өзгөрүшүнүн натыйжасында майып балдарды ДМЧ балдар катары кароо сунушталат.

Сунушталат	Ылайыксыз
Көрүүсү начар адам	сокур
Очкичен бала	очкарик
Угуусу начар адам	дүлөй
мүмкүнчүлүгү чектелген окуучу	Майып бала
Угуусу начар адам	дүлөй
физикалык мүмкүнчүлүгү чектелген бала	Майып, мунжу
акыл-эсинде бузулуулары бар бала	Акылы кем

Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн буллингдин алдын алуу программасы

- **Максаты:** окуучуларда рэкетчиликтин көрүнүшүнө жол бербөөчү жеке сапаттарды өнүктүрүү (өзүн-өзү жөнгө салуу, эмоционалдык тең салмактуулук, өзүнө ишенүү, сынчылдык, жоопкерчилик).
- **Милдеттери:** агрессивдүү жана кастык реакцияларды азайтуу;
- инсандар аралык жана топтор аралык мамилелерди оптималдаштыруу;
- конфликтте конструктивдүү жооп берүү көндүмдөрүн калыптандыруу;
- толеранттуулукту жана эмпатияны өнүктүрүү;
- Сабактарды класс жетекчи, педагог-психолог жана ата-энелердин катышуусунда өткөрөт.

Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн жана 1-4-класстын окуучулары үчүн рэкетчиликтин алдын алуу боюнча сабактын планы

"Психоэмоционалдык абалды текшерүү" диагностикасы

1. *«Менин күчтүү жана алсыз жактарым»*
2. *«Жакшы сөз айткым келет»*
3. *«Бизде тандоо бар»*
4. *«Бир жагдай үч тандоо»*

Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн рэкетчиликтин алдын алуу жана 5-9-класстын окуучулары үчүн сабак планы

"Психоэмоционалдык абалды текшерүү" диагностикасы
1. «Досторум менен»
2. «Досуңду тап» *3. «Сүйүү жана ачуулануу»*
4. «Агрессивдүү жүрүм-турум»
5. «Ишеним»

Жыйынтык:

- 1. Тобокелдик тобун (группа риска) аныктоо - өздөрүнүн эмоционалдык абалына туруштук бере албаган жана конфликттик кырдаалдардын булагы болгон окуучулар.
- 2. Белгиленген тобокелдик тобу менен жекече иштөө – окуучуларга эмоционалдык ыңгайсыздыкты жоюуга жардам берүү.
- 3. Окуучулардын ынтымактуулугун, конфликттик кырдаалдарды чечүү жөндөмүн өнүктүрүү.
- 4. Баланын эмоционалдык абалын турукташтыруу.

Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр), мугалимдер үчүн рэкетчиликтин алдын алуу программасы

- **Максаты:** билим берүү мекемелериндеги рэкетчилик көйгөйү боюнча ата-энелердин билимин жаңылоо.
- **Милдеттери:**
- ар тараптуу колдоого муктаж үй-бүлөлөрдү аныктоо;
- ата-энелерди рэкетчилик түшүнүгү менен тааныштыруу, билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын позитивдүү өз ара аракеттенүүсү үчүн мотивацияны жогорулатуу;
- буллингдин алдын алуу боюнча ата-энелердин, мугалимдердин активдүү педагогикалык позициясын калыптандыруу;

Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр), мугалимдер тарабынан рэкетчиликтин алдын алуу боюнча иш планы

Окуучулардын психоэмоционалдык абалын диагностикалык текшерүүнүн жыйынтыгы менен ата-энелерди, мугалимдерди тааныштыруу
1. Ата-энелерге, мугалимдерге кеңеш берүү *«Өспүрүм куракта рэкетчиликтин алдын алуу»*
2. Ата-энелер үчүн тегерек стол *«Балдарды зомбулук жана анын кесепеттери»*
3. Мугалимдер жана класс жетекчилер үчүн *"Үй-бүлөдөгү зомбулуктун алдын алуу"*
4. Мугалимдер жана ата-энелер үчүн нускама *«Баланы зомбулуктан кантип коргоо керек»*
5. Ата-энелер үчүн консультация: *«Балдардын реалдуу жана виртуалдык жашоосундагы коркунучтар»*
6. Мугалимдер үчүн тегерек стол *«Дисфункционалдуу үй-бүлөлөрдөгү эмоционалдык зомбулук».*

- Окуучулар жана ата-энелер менен иш алып барууда, алар менен буллингдин себептерин талкуулоого төмөнкү кинотасмалар сунушталат:
- «**Акыркы сабак» –** режиссеру: Руслан Акун (You Tube каналынан көрсөңүздөр болот).

«Кундуз» - USAID проекти (You Tube каналынан көрсөңүздөр болот).

«Звездочки на небе» –
«Асмандагы жылдыздар»

(You Tube каналынан көрсөңүздөр болот).

Мүмкүнчүлүгү чектелген теңтуштарына билим берүү жана коомдук иштерге активдүү катышууга жардам берүү аркылуу, ден соолугу чын балдар, эң маанилүү турмуштук сабактарды алышат. Бул позитивдүү тажрыйба коомдук аң-сезимдин өсүшүнөн, адамдардын ортосундагы айырмачылыктардын жоктугун түшүнүүдөн, өзүн-өзү аңдап билүүнүн жана өзүн-өзү сыйлоонун өнүгүшүнөн, өз принциптерин калыптандыруудан турат жана эң негизгиси – чыныгы камкордукту жана достукту өнүктүрөт.

BOARD

- **Кыргыз билим берүү академиясы**
- **Инвклюзивдик билим берүү бөлүмү:**
- **Бөлүм башычысы** Супатаева Эльвира Акиновна
- **Бөлүмдүн башкы адиси** Аземова Айгүл Аскербековна
- **Байланыш телефону: 0558 543454 (вотсап)**
- **Электрондук дарек: aizemova@mail.ru**

КӨҢҮЛ БУРГАНЫҢЫЗДАР ҮЧҮН ЧОҢ РАХМАТ!